| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ<br><br>САДЫР АКЕ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА** |

**Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышындагы кезектеги 16-сессиясы**

# ТОКТОМ

**2023-жылдын август айынын 21и №84** **Григорьевка а.**

**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 9-сентябрь №494 сандуу «Жер-укуктук мамилелерди жөнгө салуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченемдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомун аткаруу максатында, айыл аймагынын айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин максаттуу пайдалануу максатында түзүлгөн Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын жумушчу тобунун 2022-жылдын 23-ноябрь актысынын жана Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 15-августундагы №01—6/2996 сандуу катынын негизинде Садыр аке айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

**1.**Айыл аймагынын айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун 50 пайыз төмөнкүдөгү көрсөтүлгөн жерлери Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине мөөнөтсүз (мөөнөтүн көрсөтпөстөн) пайдаланууга берилсин.

| № | контурлары | жер аянты, га. |
|---|---|---|
| 1 | 421 | 11,40 га |
| 2 | 386 | 5 га |
| 3 | 385 | 17 га |
| 4 | 382 | 49,10 гша |
| | жалпы | 82,50 га |

**2.**Айыл аймагынын айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине берилгенден кийинки 50 пайыз төмөндөгү көрсөтүлгөн жерлери айыл өкмөтүнө мөөнөтсүз (мөөнөтүн көрсөтпөстөн) пайдаланууга берилсин.

| № | контурлары | жер аянты, га. |
|---|---|---|
| 1 | 382 | 36,5 га |

| | | |
|---|---|---|
| **2** | **373** | **46 га** |
| | **жалпы** | **82,50 га** |

**3.**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлеринин ижара акысынын өлчөмү жобонун 7-пунктунда көрсөтүлгөн формулага ылайык 1га жер тилкесине 8400 сом баштапкы сумма болуп бекитилсин.

**4.**Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын Садыр аке айыл өкмөтүнүн башчысы А.Орозалиевке милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**

*Жиберилди : иш кагаздарына -2, Обл.юстиция-2*